# ЛАКТОСПЕЙ ДРИНК

ТАМАК-АШКА БИОЛОГИЯЛЫК АКТИВДҮҮ КОШУЛМАНЫ
КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

**1 флакондогу курамы (10 мл):**

*активдүү заттар:*

*дозалоочу – капкагында:*

| | |
|---|---|
| $B_3$ витамини (ниацин) | 5,4 мг |
| $B_5$ витамини (пантотен кислотасы) | 1,8 мг |
| $B_6$ витамини | 0,60 мг |
| $B_2$ витамини (рибофлавин) | 0,48 мг |
| $B_1$ витамини (тиамин) | 0,42 мг |
| $B_{12}$ витамини | 2 мкг |
| Bifidobacterium animalis ssp. lactis + Bifidobacterium breve | $1*10^9$ КТБ |
| Lactobacillus bulgaricus | $0,5*10^9$ КТБ |
| Streptococcus thermophilus | $0,5*10^9$ КТБ |
| Lactobacillus acidophilus | $0,25*10^9$ КТБ |
| Lactobacillus rhamnosus | $0,25*10^9$ КТБ |

*10 мл флакондо:*

| | |
|---|---|
| Алоэ | 200 мг |

***көмөкчү заттар:***

***дозалоочу-капкагында:*** мальтодекстрин, кремний диоксиди, крахмал, магний стеараты,

***10 мл флакондо:*** суу, фруктоза, бал, жемиш ширеси, жыт бергич, лимон кислотасы, сукралоза, натрий бензоаты, калий сорбаты.

**Колдонуу чөйрөсү:** ичегинин дени сак микрофлорасын жана кадимки тамак сиңирүүнү колдоо үчүн тамак-ашка БАК катары колдонулат. Антибиотиктерди колдонууда, башка дары препараттардын таасиринен кийин, башынан өткөрүлгөн ичеги инфекцияларынан жана дисбактериоздун өрчүүсүн пайда кылуучу башка факторлордон кийин ичегинин микрофлорасынын натыйжалуу калыбына келишине көмөк көрсөтөт.


*B ($B_1$, $B_2$, $B_3$, $B_5$, $B_6$, $B_{12}$) тобундагы витаминдер*: дайыма организмге тамак менен бирге келип түшүүчү, абдан аз өлчөмдө топтолуучу сууда эрүүчү заттар. Ичке жана жоон ичегиде сиңирилет, зат алмашуунун бардык түрлөрүндө катышат, энергиянын пайда болушун нормалдаштырууга көмөк көрсөтөт.

*Lactobacillus, Streptococcus thermophiles* жана *Bifidobacterium*: бул өттүн жана кислоталардын таасирине туруктуу жана ичегинин капталына жабышуу жөндөмдүүлүгүнөн улам ашказан-ичеги жолунда активдүү жана жакшы жашаган антибиотиктердин таасирине туруктуу пробиотикалык микроорганизмдер. Көпчүлүк патогендүү микроорганизмдерге жабыркатуучу таасир көрсөтөт, ичегинин былжырынын коргоочу функциясынын бекем болушуна көмөк көрсөтөт, иммундук жооптун күчөшүн пайда кылат, микробго каршы заттарды пайда кылат (сүт кислотасын, бактерициндерди), витаминдердин пайда болуусун активдештирет, токсиндүү заттарды бузат.

*Алоэ:* адамдын организминде бардык органдардын иштешине жагымдуу таасир берүүчү 250 ашык биологиялык активдүү заттарды (анын ичинде витаминдердин, микроэлементтердин, аминокислоталардын жана башка кошундулардын топтому) камтыйт. Ичегинин микрофлорасынын калыбына келишине, организмден токсиндерди жана саркынды заттарды бөлүп чыгарууга көмөк көрсөтөт, пробиотикалык микроорганизмдердин жашоосун колдойт.

**Колдонуу жолу:** күнүнө 1 флакондон (10 мл) кабыл алынат. Колдонуунун алдында флаконду ичиндегиси менен жакшы чайкоо керек.

*Флакондогу эритмени колдонуу боюнча сунуштар:*




1. Ачкычты флакондун капкагына коюңуз.
2. Флакондогу суюктукка дозалоочу-капкактагы порошокту салуу үчүн флакондун капкагын сааттын жебеси боюнча буроо керек.
3. Флаконду чайкаңыз.
4. Капкакты ачыңыз жана ичиндегисин ичиңиз.

**10 мл.де азыктык баалуулугу (г)** төмөнкүлөрдү түзөт:

| | |
|---|---|
| Белоктор | 0 г |
| Майлар | 8,8 г |
| Углеводдор | 0 г |
| Энергетикалык баалуугу | 331 кДж/79 ккал |

**Каршы көрсөтмө:**

- БАКтын курамындагылардын кайсы бирине жогору сезгичтик
- 18 жаштан төмөн курак.

**Өзгөчө көрсөтмө:**

Сунушталган суткалык дозадан ашырууга жана тамак-ашка биологиялык активдүү кошулманы түрдүү теңдемделген тамактануунун ордуна колдонууга болбойт.
Антибиотиктер менен бир убакта колдонууда ЛАКТОСПЕЙ ДРИНКти алардын кезектегисин ичкенден кийин 2 сааттан эрте эмес колдонуу керек.
Алкоголь менен бир убакта колдонууга болбойт. Кош бойлуу жана эне сүтүн эмизген мезгилде колдонуунун алдында дарыгер менен кеңешүү керек.

**Берүү шарты:** рецепти жок.

**Сактоо шарты:** жарык тийбеген жерде, 25°Сден жогору эмес аба табында сакталат. Балдар жетпеген жерде сактоо керек!

**Чыгаруу формасы**

10 мл.ден 10 флакон мамлекеттик жана орус тилдеринде колдонуу боюнча нускамасы менен бирге картон кутуда.

**Жарактуулук мөөнөтү:** 24 ай.

Таңгагында көрсөтүлгөн жарактуулук мөөнөтү өткөндөн кийин колдонууга болбойт.

**Өндүрүүчү:**

O.F.I. Officina Farmaceutica Italiana S.p.A.,
via Verga 14 - 24127
Бергамо, Италия

**МКК ээси:**

Spey Medical Ltd,
Lynton House 7-12 Tavistock Square, WC1H 9LT
Лондон, Улуу Британия

**Казак Республикасынын аймагында**
**керектөөчүлөрдөн продукциянын (товардын)**
**сапаты боюнча арыз доолорду**
**кабыл алууга ыйгарым укуктуу**
**уюмдун дареги:**

«Cepheus Medical» (Цефей Медикал) ЖЧШ,
Казак Республикасы, Алматы ш., Аль-Фараби пр-тиси, 7,
«Нурлы Тау» ЖК, 5А блогу, 247-кеңсе.
тел: +7 (727) 300 69 71, e-mail: cepheusmedical@gmail.com
дистрибуция суроолору боюнча: +7 (727) 271 80 78; +7 (775) 772 98 09, info@neolife.kz